**12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган изденүүчү Карынов Чолпонбай Карыпбаевичтин «Кыргыз Республикасындагы эмгек чөйрөсүндөгү социалдык өнөктөштүк: тарыхый-укуктук изилдөө» темасындагы диссертациялык изилдөөсүнө**

# ПИКИР

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча жазылган илимий-изилдөөчүлүк иш 2010-жылдан бери докторант Ч. К. Карыновдун талыкпас мээнетинин жыйынтыгы. Изденүүчү теориялык жана тарыхый-практикалык аспектиде аталган маселенин актуалдуулугун көрсөтө алды. Ч. К. Карыновдун диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасындагы эмгек жаатындагы социалдык өнөктөштүккө байланыштуу маселелерди тарыхый-укуктук өңүттөн изилдөөгө арналган.

Республикабызда түзүлгөн экономикалык шартта эмгек жаатындагы өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп социалдык өнөктөштүктүн өнүккөн системасы эсептелет. Учурдагы адабиятта коомдук турмуштун ар кыл секторлорунун кызматташуу ыкмаларынын бири катары соцалдык өнөктөштүктү кеңири түшүндүрүүгө болгон тенденция байкалууда, бул учурда коммерциялык эмес секторго ачык эле басым жасалууда.

Социалдык өнөктөштүк, бул демек, жумуш менен камсыздоодо жана жумушчуларды уюмдун ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелерди чечүүгө катышуу укугу менен камсыздоо дегенди билдирет.

Ата мекендик эмгек мыйзамдарынын негизги милдеттеринин бири болуп жамааттык эмгек мамилелеринин тараптарынын – жумушчулардын жана жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүнүн кызыкчылыктарынын, ошондой эле мамлекеттин кызыкчылыктарынын тең салмактуулугуна жетишүү үчүн зарыл шарттарды түзүү эсептелет. Эмгектик жана ага байланышкан

башкамамилелерди түздөн-түз укуктук жөнгө салууну ишке ашыруу социалдык өнөктөштүк принциптерине, анын ичинде, жамааттык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жана жамааттык келишимдерди жана макулдашууларды түзүүгө негизделүү менен ишке ашырылат. Бул айтылгандар биздин коомубуздун заманбап өнүгүү этабында эмгектик жана ага түздөн-түз байланышкан мамилелерди жөнгө салууда социалдык өнөктөштүктүн тарыхый-укуктук негиздерин изилдөө өзгөчө мааниге жана акуталдуулукка ээ болууда деп айтууга мүмкүндүк берет

Ошондой эле, учурдагы эмгек мыйзам актыларында жана анын практикалык колдонуусун түшүндүрүүчү социалдык өнөктөштүк укутун теориясын калыптандыруу улам барган сайын актуалдуу мааниге ээ болууда. Юридикалык илимде эмгек жаатындагы социалдык-өнөктөштүк мамилелер тууралуу маселе көп ирет коюлуп, социалдык өнөктөштүк феноменине түшүндүрүүлөрдү издөөдө илимий дискуссиялар туруктуу мүнөзгө ээ болууда. Аталган укуктук институтка карата жаңы мамилелердин теориялык негизделиши өзгөрүлүп турууучу социалдык-экономикалык мамилелерге жана эмгек жаатында социалдык жана экономикалык максаттарга жетишүүгө багытталган модель катары социалдык-өнөктөштүк мамилелерге болгон муктаждыктын улам барган сайын өсүүсү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ыңгайлашууга багытталган ишти жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Эмгек жаатындагы социалдык өнөктөштүк институтун эч кандай көбүртүү-жабыртуусуз эле эмгек мыйзам актылары үчүн негизги катары карабастан, социалдык өнөктөштүктүн конструкциясынын өзүн жамааттык субъекттердин катышуусу менен коомдук мамилелерди жөнгө салуунун маанилүү аспабы катары катары кароого болот. Муну менен катар эле, укуктун башка тармактарында социалдык өнөктөштүктүн категорияларын пайдалануунун туруктуу тенденциялары белгиленген.

Аталган диссертациялык изилдөөнүн жоболору илимий макала катары илимий басылмаларда, илимий конференциянын жана илимий-теориялык

семинарлардын материалдарында жарыяланууcу аркылуу апробацияланган Диссертациянын авторунун жарыяланган макалалары иштин негизги мазмунун, жалпылоолорду, корутундуларды жана практикалык сунуштарды чагылдырып турат жана жаңычыл мааниге ээ.

Коргоого сунушталуучу негизги теориялык иштелмелер жана жоболор автор тарабынан илимий иш чараларда, атап айтканда: «Актуальные проблемы функционирования системы социального партнерства в Кыргызской Республике» темасында «Актуальные научные исследования в современном мире»; «Наука и образование в современном мире: вызовы XXI века» III Эл аралык илимий-практикалык конференцияда «Укуктун жалпы теориясында социалдык өнөктөштүк институтунун маңызы» темасындагы Эл аралык илимий конференцияда жасалган баяндамаларда чагылдырылган.

Диссертациянын жоболору жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн темасы боюнча диссертанттын илимий басылмаларында жарык көргөн. Негизги жоболор, корутундулар жана сунуштар акыркы 10 жылдагы илимий эмгектерде жарыяланган жана 3 окуу-методикалык колдонмодо, 42 илимий макалада (РИНЦ КР, чет элдикРИНЦ, Scopus) басылып чыккан. Жүргүзүлгөн илимий талдоонун жыйынтыктарын лекцияларды окуу, окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу, социалдык өнөктөштүк жаатында жамааттык келишимдердин жана макулдашуулардын долбоорлорун даярдоо аркылуу окуу процессине жайылтылды.

Сунушталган иш киришүүдөн, төрт главадан, отуз бөлүмдөн, корутундудан, практикалык сунуштардан жана колдонулган адабияттар тизмесинен турат. Колдонулган булактардын жана илимий адабияттын кеңири комплексинин негизинде докторант социалдык-өнөктөштүк мамилелердин теориялык жана тарыхый-укуктук маселелери ар тараптуу изилдеген.

Илимий жоболор жана корутундулар жетиштүү деңгээлде негизделди, укук жана мамлекеттин теориясынын жана ошондой эле эмгек укуктарынын фундаменталдык жоболоруна негизделген. Диссертациялык изилдөөнүн

ченемдик негизи катары жалпы кабылданган принциптер жана Кыргыз Республикасынын ченемдер жана ченемдик-укуктук актылары пайдаланды.

Диссертацияда келтирилген корутундулар жана сунуштар укук теориясын, эмгек, конституциялык жана мыйзамдын башка тармактарын, укук теориясын жакшыртууга багытталган мындан аркы илимий изилдөөлөрдө колдонууга толук мүмкүн. Илимий изилденүүчү маселелер заманбап юридикалык илимдин концептуалдык маселелер чөйрөсүндөгү маанилүү аспектини аныктап, анын жаңыча аңдалышы жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн маанилүүлүгүн шарттап турат. Ошондой эле, укук колдонуучу практикада да кеңири пайдаланууга боло тургандыгын ырастайт.

Демек, Карынов Чолпонбай Карыпбаевичтин 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасындагы эмгек чөйрөсүндөгү социалдык өнөктөштүк: тарыхый-укуктук изилдөө» темасындагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берет, ал эми диссертациянын автору 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору илимий даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Илимий консультант**
**ю.и.д., КР УИА академиги, профессор**
**КР УИА вице-президенти,**
**КР эмгек сиңирген юристи** **Ч.И. Арабаев**